УДК 372.882
DOI 10.58649/1694-9099-2026-3-280-285

Тыныстанова Н.А.
Жусуп Баласагын атындагы КУУ
Тыныстанова Н.А.
КНУ имени Жусупа Баласагына
Tynystanova N.A.
KNU Jusup Balasagyn

ORCID 0009-0008-9037-7835

О.СУЛТАНОВДУН «КОШ ЫСЫК-КӨЛ» ЫРЫН VII КЛАССТА ОКУТУУДА ОКУУЧУЛАРДЫН ЭСТЕТИКАЛЫК, ЖАРАНДЫК СЕЗИМИН КАЛЫПТАНДЫРУУ
ФОРМИРОВАНИЕ ЭСТЕТИЧЕСКОГО И ГРАЖДАНСКОГО СОЗНАНИЯ УЧАЩИХСЯ ПРИ ИЗУЧЕНИИ СТИХОТВОРЕНИЯ О. СУЛТАНОВА «КОШ, ЫСЫК-КӨЛ» В VII КЛАССЕ
DEVELOPING STUDENTS' AESTHETIC AND CIVIC CONSCIOUSNESS THROUGH THE STUDY OF O. SULTANOV'S POEM "KOSH, ISSYK-KUL" IN GRADE 7

Кыскача мүнөздөмө: Бул макала Омор Султановдун «Кош, Ысык-Көл» ырын VII класста окутуу процессинде окуучулардын эстетикалык жана жарандык сезимин калыптандыруу маселесине арналган. Макалада поэтикалык чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмуну, көркөм образдары жана поэтикалык тил каражаттары илимий-теориялык негизде талданган. Ошондой эле ырды окутуунун методикалык өзгөчөлүктөрү, сабактын максаттары, интерактивдүү жана чыгармачыл ыкмалар, эмоционалдык кабыл алуу менен аң-сезимдүү талдоонун айкалышы көрсөтүлгөн. Изилдөөдө эстетикалык тарбиянын жарандык тарбия менен байланышына өзгөчө көңүл бурулуп, Ысык-Көл образы аркылуу мекенге болгон сүйүү сезими жана жарандык жоопкерчилик декларативдүү түрдө эмес, көркөм-эмоционалдык таасир аркылуу калыптанары көрсөтүлгөн. Макаланын жыйынтыгы боюнча, поэтикалык чыгармаларды системалуу жана методикалык жактан уюштуруп окутуу окуучулардын руханий өнүгүүсүнө, улуттук аң-сезиминин жана эстетикалык табитинин калыптанышына натыйжалуу шарт түзөрү аныкталган.

Аннотация: Данная статья посвящена проблеме формирования эстетического и гражданского сознания учащихся при изучении стихотворения Омора Султанова «Кош, Ысык-Көл» в VII классе. В статье на научно-теоретической основе проанализированы идейно-эстетическое содержание поэтического произведения, художественные образы и поэтические средства. Также рассмотрены методические особенности преподавания стихотворения, цели урока, интерактивные и творческие методы, сочетание эмоционального восприятия с осознанным анализом текста. В исследовании особое внимание уделено взаимосвязи эстетического и гражданского воспитания: через образ озера Иссык-Куль формируются любовь к Родине и чувство гражданской ответственности не декларативно, а посредством художественно-эмоционального воздействия. По итогам исследования установлено, что систематическое и методически продуманное изучение поэтических произведений создаёт эффективные условия для духовного развития учащихся, формирования национального сознания и эстетического вкуса.

Abstract: This article is devoted to the development of students' aesthetic and civic consciousness through the study of Omor Sultanov's poem "Kosh, Issyk-Kul" in the 7th grade. The article provides a scientific and theoretical analysis of the poem's ideological and aesthetic content, artistic imagery, and poetic language devices. It also examines the methodological features of teaching the poem, lesson objectives, interactive and creative methods, and the combination of emotional perception with conscious textual analysis. Particular attention is paid to the relationship between aesthetic and civic education: the image of Issyk-Kul fosters love for the homeland and a sense of civic responsibility not through declarative instruction, but through

artistic and emotional impact. The results of the study demonstrate that the systematic and methodically organized study of poetic works creates effective conditions for students' spiritual development, the formation of national consciousness, and the cultivation of aesthetic taste.

Негизги сөздөр: эстетикалык сезим; жарандык сезим; поэзия; Омор Султанов; көркөм образ; методика; VII класс.

Ключевые слова: эстетическое чувство; гражданское чувство; поэзия; Омор Султанов; художественный образ; методика; VII класс.

Keywords: aesthetic feeling; civic feeling; poetry; Omor Sultanov; artistic image; methodology; 7th grade.

Азыркы мезгилде жаш муундун калыптанышы глобалдашуу жана модернизация доорунда, сапаттык жактан өзгөргөн маалыматтык талаада жүрүп жатат. Бул, албетте, жаштардын инсан болуп калыптанышына таасирин тийгизүүдө. Акыркы жылдардагы изилдөөлөрдүн натыйжалары жаштардын руханий суроо-талаптарынын деңгээлинин төмөндүгүн жана ошол эле учурда алардын материалдык талаптарынын жогорулашын тастыктап турат [4]. Ошондуктан жалпы орто билим берүү системасында окуучулардын руханий-адептик, эстетикалык жана жарандык тарбиясын камсыз кылуу билим берүүнүн артыкчылыктуу багыттарынын бири болуп саналат. Айрыкча адабият сабагы окуучулардын ички дүйнөсүн байытып, улуттук аң-сезимин, эстетикалык табитин жана жарандык позициясын калыптандырууда өзгөчө мүмкүнчүлүктөргө ээ. Кыргыз көркөм адабиятынын үлгүлөрү аркылуу окуучулар табиятка, мекенге, улуттук баалуулуктарга болгон мамилесин кайрадан аңдап, аларды сактоо жана баалоо зарылдыгын түшүнүшөт.

Кыргыз адабиятын окутууда поэзиялык чыгармалар окуучулардын эмоционалдык кабыл алуусуна түздөн-түз таасир этип, эстетикалык сезимдердин калыптанышына өбөлгө түзөт. Поэтикалык тексттерде көркөм образдар, символдор жана поэтикалык тил каражаттары аркылуу жарандык идеялар терең жана таасирдүү берилет. Бул жагынан алганда, кыргыз поэзиясында мекен темасын өзгөчө поэтикалык деңгээлде чагылдырган акындардын чыгармалары тарбиялык жактан чоң мааниге ээ.

Кыргыз Республикасынын эл акыны Омор Султановдун чыгармачылыгы улуттук поэзиянын өнүгүшүндө өзгөчө орунду ээлейт. Омор Султанов көптөгөн белгилүү чыгармалардын автору. Анын чыгармалары орус, англис, немис, испан, поляк, венгер, монгол, татар жана башка көптөгөн тилдерге которулган [6]. Анын чыгармаларында табият менен адамдын руханий дүйнөсү, мекенге болгон сүйүү, жарандык жоопкерчилик көркөм жана философиялык деңгээлде чагылдырылган. Акындын «Кош, Ысык-Көл» ыры — кыргыз поэзиясындагы мекенге арналган терең мазмундуу, эстетикалык таасири күчтүү чыгармалардын бири. Ырда Ысык-Көл образы аркылуу ата-журтка болгон сүйүү, улуттук сыймык жана жарандык сезим көркөм чагылдырылган.

Жалпы орто билим берүүчү мектептерде, айрыкча VII класста, окуучулардын жаш өзгөчөлүктөрүнө ылайык эстетикалык жана жарандык тарбияны системалуу жүргүзүү актуалдуу маселе болуп саналат. Бул куракта окуучулардын эмоционалдык кабыл алуусу күчтүү болуп, көркөм чыгармалар аркылуу берилген идеяларды терең сезип, аларды жеке турмуштук тажрыйбасы менен байланыштырууга умтулушат. Ошондуктан «Кош, Ысык-Көл» сыяктуу поэтикалык чыгармаларды методикалык жактан туура уюштуруп окутуу окуучулардын эстетикалык табитин гана өнүктүрбөстөн, алардын жарандык аң-сезиминин калыптанышына да өбөлгө түзөт.

Изилдөөнүн максаты — Омор Султановдун «Кош, Ысык-Көл» ырын VII класста окутууда окуучулардын эстетикалык жана жарандык сезимин калыптандыруунун теориялык-методикалык негиздерин ачып берүү. Макалада адабий чыгарманы окутуунун тарбиялык мүмкүнчүлүктөрү талданып, поэзиялык тексттин эстетикалык жана жарандык потенциалы илимий негизде каралат.

Эстетикалык жана жарандык тарбия жалпы билим берүү процессинин өз ара байланышкан жана бири-бирин толуктаган маанилүү компоненттери болуп саналат. Педагогика илиминде эстетикалык тарбия инсандын көркөм дүйнөнү кабыл алуу жөндөмүн, эстетикалык табитин, көркөм образдар

аркылуу ой жүгүртүү маданиятын өнүктүрүүгө багытталган процесстердин жыйындысы катары каралат [5]. Эстетикалык тарбия окуучулардын сезим дүйнөсүнө таасир этүү менен алардын руханий жактан байышына, адамдык баалуулуктарды аң-сезимдүү кабыл алуусуна шарт түзөт.

Илимий адабияттарда эстетикалык тарбия искусствонун түрлөрү, айрыкча адабият аркылуу ишке ашырылары белгиленет. Көркөм сөз окуучулардын эмоциялык чөйрөсүнө түздөн-түз таасир этип, алардын эстетикалык кабыл алуусун тереңдетет. Адабий чыгармадагы көркөм образдар, символдор жана поэтикалык тил каражаттары эстетикалык таасирди күчөтүп, окуучулардын көркөм табитинин калыптанышына өбөлгө түзөт. Мындан улам адабият сабагы эстетикалык тарбиянын негизги каражаттарынын бири катары өзгөчө орунду ээлейт.

Жарандык тарбия болсо окуучулардын коомго, мамлекетке, мекенге болгон жоопкерчиликтүү мамилесин, жарандык аң-сезимин жана активдүү позициясын калыптандырууга багытталган. Педагогика илиминде жарандык сезим инсандын өз мекенине болгон сүйүүсү, коомдук баалуулуктарды урматтоосу, жарандык милдеттерди аң-сезимдүү түшүнүүсү менен мүнөздөлөт [7]. Жарандык тарбия инсандын моралдык-этикалык сапаттары менен тыгыз байланышта болуп, анын коомдогу жүрүм-турумун аныктайт [8].

Адабий чыгармалар жарандык тарбия берүүнүн натыйжалуу каражаты болуп саналат. Көркөм текст аркылуу берилген мекен темасы, табият образдары, элдин тагдырына байланышкан ой-пикирлер окуучулардын жарандык аң-сезиминин калыптанышына зор таасир тийгизет. Поэзияда жарандык идеялар түздөн-түз дидактикалык формада эмес, көркөм образдардын, символдордун жана эмоционалдык таасирдин жардамы менен берилгендиктен, окуучулар тарабынан тереңирээк кабыл алынат.

Эстетикалык жана жарандык тарбиянын өз ара байланышы адабиятты окутууда айкын көрүнөт. Көркөм чыгарманын эстетикалык баалуулугун аңдоо аркылуу окуучу анын идеялык мазмунун, жарандык багытын түшүнө баштайт. Бул процессте эстетикалык сезимдер жарандык ойлордун жана ишенимдердин калыптанышына түрткү берет. Ошондуктан адабият сабагында эстетикалык таасирди күчөтүү жарандык тарбиянын натыйжалуулугун арттырат.

Кыргыз адабиятын окутууда эстетикалык жана жарандык тарбия улуттук баалуулуктар менен тыгыз байланышта жүргүзүлүшү зарыл. Улуттук табият образдары, тарыхый эстеликтер, ата-журт темасы окуучулардын улуттук аң-сезимин өнүктүрүүдө маанилүү роль ойнойт. Бул багытта кыргыз акын-жазуучуларынын чыгармалары тарбиялык потенциалы жогору көркөм булак катары кызмат кылат. Алардын поэтикалык тексттеринде эстетикалык сулуулук менен жарандык идеялар айкалышып, окуучулардын руханий дүйнөсүнө комплекстүү таасир тийгизет.

Кыргыз поэзиясында өз үнү, өз стили, өз адабий жүзү менен айырмаланган акын Омор Султанов экени жалпы журтка белгилүү. Омор Султанов акындык таланты, тынымсыз изденүүсү менен кыргыз поэзиясында өз стилин жараткан акын. Ал эми чыгармачылыктагы форма жагынан ошол учурдагы дээрлик бардык акындар өздөрүнүн калемдик дареметин сынап көрүшкөн. Алардын ичинен алдыга озуп чыккан Омор Султанов көркөм форманын түрлөрүн пайдаланып, жөнөкөй сөздөрдү поэзияга айландырган [2]. Белгилүү адабиятчы Калык Ибраимов өзүнүн макаласында аталган акындын өз мезгилиндеги изденгич жаштардын көрүнүктүүлөрүнүн бири болгондугуна басым жасаса [3], КУУнун доценти, адабиятчы-окумуштуу С. Н. Исаева: «Поэтикалык гармонияга жетишкен акындар сейрек болсо, алардын эң залкарларынын бири Омор Султанов экендиги талашсыз чындык», — деп белгилейт [4].

Омор Султановдун «Кош, Ысык-Көл» ыры кыргыз поэзиясында мекен темасын лирикалык-философиялык тереңдикте ачып берген көркөм чыгарма болуп саналат. Акын бул поэтикалык текстте Ысык-Көл образын табияттын сулуулугунун символу катары гана эмес, инсан тагдыры, руханий байлык жана жарандык жоопкерчилик менен тыгыз байланышта чагылдырат. Ырдын мазмунунда эстетикалык сезим менен жарандык аң-сезим органикалык биримдикте берилет.

Ыр коштошуу мотиви менен башталып, лирикалык каармандын ички дүйнөсүндөгү толкунданууну чагылдырат [1, 340-б.]:

«Кош, Ысык-Көл, жолугушуу алдыда,

Кош, толкундар, силер да аман калгыла».

Бул саптарда коштошуу убактылуу мүнөзгө ээ экени баса белгиленип, үмүт мотиви алдыга чыгат. «Жолугушуу алдыда» деген ой окуучулардын эмоционалдык кабыл алуусун күчөтүп, мекен менен болгон руханий байланыш үзүлбөс баалуулук экенин туюнтат. Акын толкундарга кайрылуу аркылуу табиятты жандуу образ катары берет, бул эстетикалык таасирди арттырат.

Ырдын кийинки саптарында адам тагдырынын татаалдыгы философиялык өңүттө берилет:

«Көрүнбөгөн бир бөксөрүү, бирде өсүү –

Энчиленген биздин кербез тагдырга».

Бул саптарда тагдырдын өйдө-төмөн жүрүшү табигый мыйзам ченем катары кабыл алынат. Мындай философиялык ой жүгүртүү VII класстын окуучуларында турмушка реалдуу көз караштын, ошол эле учурда чыдамкайлыктын жана үмүттүн калыптанышына өбөлгө түзөт.

Акындын лирикалык каарманы Ысык-Көлдү руханий таяныч катары кабыл алат:

«Мен сезимдин эркине эрте багынып,

Жүрдүм мында салкыныңды жамынып».

Бул саптар аркылуу табият адамдын ички дүйнөсүнө тынчтык, руханий байлык тартуулаган булак катары сүрөттөлөт. Табият менен адамдын мындай байланышы эстетикалык тарбиянын негизин түзүп, окуучуларды жаратылышка аяр мамиле кылууга тарбиялайт.

Ырда мекенге болгон сүйүү эне образын эске салуу аркылуу тереңдетилет:

«Апакемди кээде эсимден чыгарып,

Асты унутпай сени эстеп сагынып».

Бул саптарда Ысык-Көл эне образы менен катар коюлуп, мекенге болгон сүйүү ыйык сезим катары берилет. Мындай көркөм ыкма окуучулардын жарандык сезимин күчөтүп, ата-журтту сыйлоо, ага ыйык мурас катары мамиле кылуу түшүнүгүн калыптандырат.

Поэтикалык текстте Ысык-Көл руханий байлыктын, түгөнгүс кенчтин символу катары ачылат:

«Алып бүтпөс агып жаткан кенчимдей,

Аны албаган мен — өзүмдө айып бар».

Бул саптар эстетикалык баалуулук менен жарандык жоопкерчиликтин байланышын көрсөтөт. Акын өзүн мекен байлыгын толук аңдай албагандыгы үчүн жооптуу сезип, жарандык позициясын көркөм формада билдирет.

Ырдын соңку бөлүктөрүндө муундардын уланмалуулугу, келечекке ишеним темасы баса белгиленет:

«Мейли албасам, болсун аман алтын баш,

Алып коёр бизден кийин келчү жаш».

«Калган жашты сага аманат калтырып,

Жолугуу үчүн кош айтышам кетерде».

Бул саптар окуучулардын жарандык аң-сезимин өнүктүрүүгө багытталган маанилүү идеяны камтыйт. Мекенге болгон жоопкерчилик муундан муунга өтүүчү ыйык милдет катары көрсөтүлөт.

Акын чет жерде жүрсө да, Ысык-Көлдүн орду толгус экенин белгилейт:

«Болдум далай чоочун өлкө, чет элде,

Мага сендей табылган жок эч жерде».

Бул саптар мекендин өзгөчөлүгүн жана баалуулугун ачып, окуучулардын улуттук сыймык сезимин ойготот.

Жыйынтыктап айтканда, Омор Султановдун «Кош, Ысык-Көл» ыры поэтикалык образдар, философиялык ой жүгүртүү жана көркөм тил аркылуу эстетикалык таасир берүү менен бирге, окуучулардын жарандык сезимин калыптандырууга зор мүмкүнчүлүк түзөт. Ырды VII класста окутууда анын идеялык-эстетикалык мазмунун терең талдоо окуучулардын руханий дүйнөсүн байытып, мекенге болгон аң-сезимдүү жана жоопкерчиликтүү мамилени өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Жалпы орто билим берүүчү мектептерде кыргыз адабиятын окутууда окуучулардын жаш курактык жана психологиялык өзгөчөлүктөрүн эске алуу негизги методикалык талаптардын бири болуп саналат. VII класстын окуучулары өспүрүм курakka өтүү баскычында болуп, алардын эмоционалдык кабыл алуусу күчтүү, көркөм чыгармаларды субъективдүү жана сезим аркылуу кабыл алууга умтулуусу жогору болот. Мындай өзгөчөлүк поэзиялык чыгармаларды, айрыкча мекен жана табият темасындагы ырларды окутууда кеңири мүмкүнчүлүк түзөт.

«Кош, Ысык-Көл» ырын окутууда сабактын максаттары үч багытта аныкталууга тийиш: билим берүүчүлүк, тарбиялык жана өнүктүрүүчүлүк. Билим берүүчүлүк максат поэтикалык тексттин мазмунун түшүндүрүүгө, идеялык-эстетикалык өзгөчөлүктөрүн ачууга багытталса, тарбиялык максат окуучулардын эстетикалык табитин жана жарандык сезимин калыптандырууну көздөйт. Ал эми өнүктүрүүчүлүк максат окуучулардын көркөм ой жүгүртүүсүн, сүйлөө маданиятын жана өз алдынча пикир айтуу жөндөмүн өнүктүрүүгө шарт түзөт.

Эстетикалык сезимди калыптандыруу биринчи кезекте окуучулардын поэтикалык текстти эмоционалдык кабыл алуусу менен шартталат. Ырдагы көркөм образдар, поэтикалык интонация жана символдор окуучулардын сезим дүйнөсүн ойготуп, көркөм сулуулукту аңдоого жетелейт. Мисалы, Ысык-Көлдүн табиятынын сүрөттөлүшү окуучуларда суктануу сезимин жаратып, эстетикалык тажрыйбанын кеңейишине өбөлгө түзөт. Мындай кабыл алуу окуучулардын көркөм табитинин калыптанышына негиз болуп саналат.

Ырды окутуунун алгачкы этабында эмоционалдык даярдыкты камсыз кылуу маанилүү. Мугалим сабакты Ысык-Көлгө байланышкан кыскача маектешүү же көркөм сүрөттөрдү, видеоматериалдарды колдонуу аркылуу баштай алат. Бул ыкма окуучулардын сабакка болгон кызыгуусун арттырып, поэтикалык текстти кабыл алууга эмоционалдык негиз түзөт. Андан соң ырды көркөм окуу уюштурулуп, интонация, тыным жана логикалык басым туура сакталууга тийиш.

Ырды талдоо процессинде салттуу жана интерактивдүү методдордун айкалышы натыйжалуу болот. Суроо-жооп ыкмасы аркылуу окуучулардын текстти түшүнүү деңгээли аныкталат, ал эми талкуу жүргүзүү алардын жарандык позициясын активдештирет. Маселен, «Ысык-Көл акын үчүн эмнени билдирет?», «Коштошуу мотиви кандай маанини камтыйт?» сыяктуу суроолор окуучуларды ой жүгүртүүгө жетелейт.

Чыгармачыл тапшырмалар «Кош, Ысык-Көл» ырын окутууда өзгөчө мааниге ээ. Окуучуларга «Ысык-Көл — менин көз карашымда» деген темада чакан эссе жаздыруу, ырдын айрым саптарына сүрөт тарттыруу же аларды өз сөзү менен түшүндүрүү сыяктуу тапшырмалар эстетикалык кабыл алууну тереңдетет. Мындай иш-аракеттер окуучулардын жеке тажрыйбасын поэтикалык текст менен байланыштырып, жарандык сезимдин калыптанышына өбөлгө түзөт.

Поэтикалык тилди талдоодо эпитет, метафора, кайрылуу сыяктуу көркөм каражаттарга өзгөчө көңүл буруу зарыл. Мугалим бул каражаттардын эстетикалык таасирин жөнөкөй жана жеткиликтүү формада түшүндүрүп, алар аркылуу берилген идеяны ачып берүүгө тийиш. Бул окуучулардын адабий-теориялык түшүнүктөрүн бекемдөө менен бирге, көркөм текстти аң-сезимдүү кабыл алуусуна жардам берет.

Сабактын жыйынтыктоочу этабында окуучулардын алган таасирин жалпылоо маанилүү. Мугалим окуучулар менен бирге ырдын негизги идеяларын аныктап, анын эстетикалык жана жарандык маанисин баса белгилеши зарыл. Бул этапта окуучулар мекенге болгон сүйүү сезимин жеке ой жүгүртүүсү аркылуу билдирүүгө үйрөнүшөт.

Кыргыз адабияты сабагында поэзиялык чыгармаларды окутуу окуучулардын эстетикалык кабыл алуусун гана эмес, алардын жарандык аң-сезимин калыптандырууда да маанилүү роль ойнойт. Омор Султановдун «Кош, Ысык-Көл» ыры мазмуну жана көркөм түзүлүшү жагынан окуучулардын руханий дүйнөсүнө комплекстүү таасир тийгизүүгө мүмкүнчүлүк берет. Бул чыгарма аркылуу эстетикалык жана жарандык тарбия өз ара тыгыз байланышта ишке ашат.

Поэзиялык текстти талдоо процессинде жарандык сезимди калыптандыруу максаттуу түрдө жүргүзүлөт. Ырда берилген мекен темасы, ата-журтка болгон сүйүү, жоопкерчилик жана муундардын

уланмалуулугу сыяктуу идеялар окуучулардын жарандык аң-сезимин өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт. Мугалим окуучулардын көңүлүн «мекен», «аманат», «милдет» түшүнүктөрүнө буруу аркылуу жарандык мазмунду аң-сезимдүү кабыл алууга жетелей алат.

Окуучулардын жеке ой жүгүртүүсүн жана жарандык позициясын өнүктүрүүдө талкуу жана ой бөлүшүү ыкмалары натыйжалуу болуп саналат. Сабакта уюштурулган маектешүүлөрдө окуучулар ырдагы образдарды өздөрүнүн турмуштук тажрыйбасы менен салыштырып, мекенге болгон мамилесин билдирүүгө мүмкүнчүлүк алышат. Бул процессте эстетикалык таасир жарандык ишенимдердин калыптанышына негиз түзөт.

Жогоруда белгилеп өткөндөй, чыгармачыл тапшырмалар эстетикалык жана жарандык сезимди бирдей деңгээлде өнүктүрүүнүн натыйжалуу каражаты болуп эсептелет. Окуучуларга эссе жаздыруу, поэтикалык саптарды өз сөзү менен чечмелетүү же сүрөт аркылуу чагылдыруу бир жагынан эстетикалык кабыл алууну тереңдетсе, экинчи жагынан мындай тапшырмалар окуучуларды мекен темасына жекече мамиле кылууга, жарандык жоопкерчиликти сезүүгө үйрөтөт.

Мугалимдин тарбиялык позициясы бул процессте өзгөчө мааниге ээ. Поэтикалык чыгарманы талдоодо мугалим көркөм текстке идеологиялык басым жасабастан, окуучулардын чыгарманы эмоционалдык кабыл алуусуна шарт түзүүгө тийиш. Бул ыкма окуучулардын жарандык сезиминин табигый жана аң-сезимдүү түрдө калыптанышына шарт түзөт.

Жыйынтыгында, Омор Султановдун «Кош, Ысык-Көл» ыры VII класста кыргыз адабиятын окутууда окуучулардын эстетикалык табитин жана жарандык сезимин калыптандырууда маанилүү көркөм-тарбиялык потенциалга ээ экендиги аныкталды. Поэтикалык чыгарманын идеялык-эстетикалык мазмунун илимий-методикалык негизде талдоо аркылуу окуучулар табияттын сулуулугун аңдап, мекенге болгон сүйүүнү жарандык жоопкерчилик менен байланышта кабыл алууга үйрөнүшөт. Ырды окутууда эмоционалдык кабыл алуу менен аң-сезимдүү талдоонун айкалышы окуучулардын руханий дүйнөсүн байытып, алардын улуттук аң-сезимин жана жарандык позициясын өнүктүрүүгө өбөлгө түзөт.

Колдонулган адабияттар

1. Алымов, Б. Кыргыз адабияты : орто мектептин 7-классы үчүн хрестоматия-окуу китеби / Б. Алымов, А. Муратов. – Оңд., толукт. 3-бас. – Бишкек : Билим-компьютер, 2015. – 400 б. – ISBN 978-9967-31-257-9.
2. Бокоева, Ж. О. Султановдун чыгармачылык изденүүсүндөгү көркөм-идеялык жана стилдик бөтөнчөлүктөр / Ж. Бокоева // Известия вузов Кыргызстана. – 2010. – № 3. – 345–347-бб. – EDN VYXCMH.
3. Ибраимов, К. Изденүүнүн зарылдыгы / К. Ибраимов // Кыргызстан маданияты. – 1977. – 8-сентябрь.
4. Исаева, С. Н. Омор Султанов – модернист акыны / С. Н. Исаева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2022. – № 4(112). – 136–145-бб. – EDN KAWGUR.
5. Исмаилова, А. А. Кыргыз адабиятын окутуудагы көйгөйлөр жана жаштарды тарбиялоодогу мааниси / А. А. Исмаилова, Д. А. Дуйшенбиева // Жусуп Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин Жарчысы. – 2024. – № 3(119). – 168–172-бб. – DOI 10.58649/1694-8033-2024-3(119)-168-172. – EDN ORYOVF.
6. Лихачев, Б. Т. Теория эстетического воспитания школьников : учебное пособие по спецкурсу для педагогических институтов / Б. Т. Лихачев. – Москва : Просвещение, 1985. – 175 с.
7. Султанов, Омор Султанович // Википедия : свободная энциклопедия. – URL: https://ru.wikipedia.org/?curid=3049272&oldid=150583590 (дата обращения: 03.09.2026).
8. Сухомлинский, В. А. Рождение гражданина / В. А. Сухомлинский. – Москва : Молодая гвардия, 1979. – 335 с.

Рецензент: профессор Кенжешев К.Д.